УДК 340.113=512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-2-69-74

СТАНОВЛЕНИЕ ЮРИДИЧЕСКОЙ ТЕРМИНОЛОГИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

А.Ж. Баястанова

Аннотация. В языкознании устное народное творчество и художественные произведения служат одними из основных источников для исследования, сравнения и накопления фактологического материала для лексикологических исследований. В них мы видим отражения образа жизни, обычаев, языка, законов и представлений данного народа. Особенности образа жизни и мировоззрения народа зависят от формирования сознания, хотя пословицы и поговорки передаются устно, от поколения к поколению, в них отражаются богатство лексики кыргызского языка, последовательность его грамматических структур. На материале народных пословиц и поговорок, а также исторических художественных произведений исследуется широкое функционирование кыргызского языка в таких сферах государственной власти, как законотворчество, правоприменение, вынесение приговоров. До настоящего времени исконные слова кыргызского языка в качестве профессиональной терминологии широко используются в правовой практике. Настоящая статья посвящена систематизации и анализу некоторых семантических групп этой лексики.

Ключевые слова: юрист; пословица; кыргызский язык; термин; государство; государственный язык; общество; закон; право; языковая ситуация.

КЫРГЫЗСТАНДА ЮРИДИКАЛЫК ТЕРМИНОЛОГИЯНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

А.Ж. Баястанова

Аннотация. Тил илиминде оозеки элдик чыгармачылык жана көркөм чыгармалар лексикологиялык изилдөө үчүн изилдөөнүн, салыштыруунун жана фактылык материалдарды топтоонун негизги булактарынын бири катары кызмат кылат. Алардан бул элдин турмуш-тиричилиги, каада-салты, тили, мыйзамдары, идеялары чагылдырылганын көрөбүз. Элдин жашоо образынын, дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү аң-сезиминин калыптанышына жараша болот, макал-лакаптар оозеки, муундан-муунга өтүп келгени менен аларда кыргыз тилинин лекикалык байлыгы, грамматикалык түзүлүшүнүн ырааттуулугу чагылдырылган. Элдик макал-лакаптардын, ошондой эле тарыхый көркөм чыгармалардын негизинде кыргыз тилинин мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, укук коргоо, өкүм чыгаруу сыяктуу тармактарында кеңири колдонулушу изилдөөгө алынган. Ушул убакка чейин кыргыз тилинин түпкү сөздөрү кесиптик терминология катары юридикалык практикада кеңири колдонулуп келет. Бул макала аталган лексиканын айрым семантикалык топторун системалаштырууга жана талдоого арналган.

Түйүндүү сөздөр: юрист; макал; кыргыз тили; термин; мамлекет; мамлекеттик тил; коом; мыйзам; укук; тилдик кырдаал.

FORMATION OF LEGAL TERMINOLOGY IN KYRGYZSTAN

A.Zh. Bayastanova

Abstract. In linguistics, oral folklore and works of art are one of the main sources for research, comparison and accumulation of material resources. In them we see reflections of the way of life, customs, language, laws and judgments of each nation. The peculiarities of the lifestyle and worldview of the people depend on the formation of consciousness, although proverbs and sayings are transmitted orally from generation to generation, they reflect the richness of the vocabulary of the Kyrgyz language, the sequence of its grammatical structures. Based on the material of folk proverbs and sayings, as well as historical works of art, the broad functioning of the Kyrgyz language in such spheres of state power as lawmaking, law enforcement, sentencing is investigated. To date, the native words of the Kyrgyz language as a professional terminology are widely used in legal practice. This article is devoted to the systematization and analysis of some semantic groups of this vocabulary.

Keywords: lawyer; proverb; Kyrgyz language; term; state; state language; society; law; language situation.

Кыргыз тили байыркы тилдердин катарына кирет. Бул боюнча кыргыз тил илиминин окумуштууларынан тартып, жалпы түрк тилдерин изилдеген окумуштуулардын эмгектеринен улам билебиз [1, 286–298-бб.]. Андан сырткары, ондогон кылымдарды карыткан “Манас” үчилтигинин, көп сандаган кенже эпостордун да дал кыргыз тилинде оозеки сакталып, атадан балага мурас болуп, дүйнөлүк баалуулуктардын бири катары таанылып келгени күбө.

Ошондой эле улуудан кичүүгө насаат катары айтылган санат-насыят, макал-лакаптардан улам кыргыз тилинин сөз байлыгынын молдугун, ар тараптуулугун, байыртадан эле грамматикалык түзүлүшүнүн ыраттуулугун ачык көрүүгө болот.

Кыргыз тил илиминде, жалпы эле тил илими маселесинде элдик оозеки чыгармалар, тарыхый көркөм чыгармалар салыштыруу, материалдык базаны топтоо боюнча чоң роль ойноп келген. Тил илиминин бөлүмдөрүнүн табиятын изилдөөдө көркөм чыгармаларга кайрылбай коё албайбыз, материалдык базанын негизин түзгөн мисалдарды дал ошол сөзгө бай, ар тараптуу чыгармалардан топтойбуз. Элдик оозеки чыгарма болобу, тарыхый көркөм чыгарма болобу элибиздин өткөн күнүнөн элес берип, кечээки менен бүгүнкүнү байланыштырып туруучу көпүрө сыңары. Бул тил илимине гана эмес, бүтүндөй коомго да тиешеси бар көрүнүш.

Чыгармалардагы коомдун түзүлүшү, ар бир элдин жашоо тиричилиги, салт-санаасы, тили, керек болсо мыйзам чыгаруусу, өкүм чыгаруусу байыртадан эле бир жолго, бир калыпка салынып калгандай. Канча убакыт өткөн менен ар бир элдин жашоо өзгөчөлүгү, дүйнөнү таанып билүүсү ошол элдин байыртадан түптөлүп калган туюмуна байланыштуу болот.

Тилдеги атоолор, терминдер да коомго байланыштуу. Коомдун ар бир чөйрөсүнүн өзгөчөлөнгөн тармактык лексикасы болот. Аларга илимий аныктама берип, терминге айландырабыз. Мурда эле колдонулуп жүргөн сөздөрдөн алынган, же болбосо башка тилдерден которулуп укук, өкүм чыгаруу боюнча кыргыз тилинде колдонулган терминдердин пайда болушу жана калыптанышы мыйзам чыгаруунун тилинин булактары менен тыгыз байланышкан.

Улуу Октябрь революциясы жүзүгө ашкан мезгилден алда канча мурда эле кыргыз тили жалпы кыргыз коомчулугу үчүн бирдей түшүнүктүү, кыйла өнүккөн, грамматикалык жалпылыгы жана закон ченемдери эчак эле иштелип чыгып, калыптанып калган оозеки жалпы тил илими болгон [2, 20–21-б.].

Коомдук турмушунда болсо кыргыздар капитализмге чейинки коомдук мамилелердин тепкичинде турушкандыктан, алардын арасында коомдук институттардын айрымдары – адат, патриархалдык – уруучулук мамилелери, өздөрүн курчап турган жаратылыш жөнүндө белгилүү системага келтирилген дүйнөгө көз караштары, моралдык-этикалык эрежелердин жыйындысы, оозеки адабияттын жанрлары, чарбачылыгында болсо кээ бир кол өнөрчүлүк кесиптеринин тармактары (жыгач устачылык, темир устачылык, оймочулук, килем токумачылык жана башка) өнүккөндөн булардын ар бирине тиешелүү кесипчилик терминдери да болгон. Ошондой эле жаратылыштын кубулуштарынын, тоо тектеринин, жер бетинин рельефтеринин, жаныбарлар жана өсүмдүк дүйнөсүндөгү нерселердин атоолорун, эстетикалык (көркөмдүк, сулуулук) түшүнүктөрүн жана башкаларын билдирген миңдеген сөздөр болгон. Алардын көбү жазма адабий тил пайда болгондон кийин термин катары биология, зоология, ботаника, анатомия, география, астрономия, коом таануу, укук, философия, медицина жана башка илимдерде кеңири белгилүү болуп, ар кайсы сөздүктөрдөн орун алды [3, 168-б.]

Коомдун ар тараптуу чөйрөлөрүнө сот бийлиги, укук коргоо органдары да кирет. Сот бийлиги учурда үч бийлик бутагынын бири, коомдун калың катмары менен иш алып барат. Сот ишмердигинин тили – татаал тил. Себеби ал психологиялык жактан оор абалда өтөт. Сот жүрүшүндө кезексиз талаш-тартышуулар, чырчатактар күнүмдүк көрүнүш. Ошону менен бирге эле ар түрдүү социалдык, психологиялык жактан жабыр тарткан тараптар менен баарлашуу жүрөт. Анын натыйжасында жүрүштүн өзү да, тили да чоң кыйынчылыкка дуушар болот.

Кыргыз тилинде жарык көргөн укуктук чөйрөдөгү кылмыш, жаза кодекстери алгач орусча жазылып, андан соң кыргыз тилине которулуп

келет. Көп сөздөр калькалоо аркылуу алынган. Анын себебин юристтер кыргыз элинде мурдагы кылымдарда оор соттук процесстердин (отурум, жүрүш) жүргүзүлбөгөндүгү менен, ошондой эле терминдердин орус, англис, байыркы грек тилдеринен киргендиги менен түшүндүрүшөт. Албетте, ал убакта азыркыдай оор, ар тараптуу кылмыш иштери болбосо керек, ага жараша жазанын да түрү аз болсо керек. Ошентсе да, кыргыз эли үрп-адаттын, каада-салттын негизинде болобу, элдин дүйнө таанымында болобу, макал-лакаптардын негизинде болобу кагазга жазылбаган, мөөр басылбаган мыйзам иштеген. Элдик оозеки чыгармалардан, макал-лакаптардан кыргыз элинде адамдын укугун коргоо, айыптоо, ага карата колдонулган чаралар коомдо талкууга алынып, ар кандай өкүмдөр чыгарылып, азыркы сот системасынын, укуктук институттарынын түзүлүшүнүн башаты боло алган булактар бар экенин тана албайбыз. Алар аркылуу бүгүнкү күнү сот бийлиги гана эмес, юристтик терминология да калыптанган десек жаңылышпайбыз. Себеби көп сандаган терминдер дал ошол булактардын негизинде түзүлгөн. Натыйжада бул чөйрөдөгү терминдердин жыйындысы, системасы пайда болгон. Алар жалпы элдик лексикадан пайда болуп, белгилүү бир түшүнүктү илимий атоо максатында колдонулуп калган. Мисалы: чечим, күбө, жаза, каралоо, актоо, доо, айыптоо, даттануу ж. б.

Үрп-адаттын, каада-салттын чегинде болобу, элдин дүйнө таанымында болобу, макал-лакаптын негизинде элдик болобу кыргыз элинде да кагазга жазылбаган, мөөр басылбаган мыйзам иштеген. Элдик оозеки чыгармалардан, анын ичинде макал-лакаптардан кыргыз элинде да айыптоо, ага карата колдонулган чаралар коомдо кеңири түрдө талкууга алынып, ар кандай өкүмдөр чыгарылган. Ал элибиздин аң-сезимине бекем орноп, кадимки жашоо-турмуштун бир бөлүгүнө айланган да, жазуу түрүндө эмес, оозеки болсо да ар бир кыргыз анын чегинен чыга алган эмес. Дал ошол булактар аркылуу бүгүнкү күнү өз эне тилибизде юристтик терминология өнүгүп келет.

1) *Доо коюлса – айыпка жыгылат.*
2) *Айыпсыз аякка тикенек кирбейт.*
3) *Акыйкат жеңет.*
4) *Алдамчыга жаза көп* [кыргыз эл макалдары].

Деген макалдарды карай турган болсок, “доо”, “айыпсыз”, “айыптуу”, “адилеттик”, “алдамчы”, “жаза” сыяктуу сөздөр юристтик чөйрөдө термин катары калыптанып, кеңири колдонулуп жүрөт. Элдик соттор түндүктө бийлер, түштүктө казылар аркылуу жүргүзүлүп келген.

Укук терминдеринин калыптанышы жана өөрчүшү тил жана мыйзам чыгаруунун булактары менен тыгыз байланышта. Юристтик тилдин байыркы булагы болуп укук, мыйзам чыгаруу илимдеринин натыйжасынан эмес, эл арасында жаралган кадимки укук, каада-салт, макал-лакаптардын негизинде оозеки кептен пайда болгон элдик укук. Кагаз бетине түшүрүлгөн нормалар башта каада-салттын негизинде орун алган [4].

Терминдерден сырткары, элдик макал-лакаптарда кадимки эле айыптууну жазалоо, ага өкүм чыгаруу, аны актоо же каралоо боюнча да айрым чечимдер убакыттын өтүшү менен белгилүү бир калыпка салынып, даяр материал катары колдонулган. Мисалы:

1) *Алдыңа аш койсо, атаңдын кунун кеч.*
2) *Далили жок сөз – чала күйгөн чычала.*
3) *Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер.*
4) *Доо коюлса – айыпка жыгылат.*

Биринчи мисалда берилгендей, “Алдыңа аш койсо, атаңдын кунун кеч” – деген макал, айыптуу айыбын өзү сезип, алдыңа түшүп келсе, анда айыбын кечире бер деген маанини түшүндүрүп, бүгүнкүгө чейин актуалдуулугун жоготпой келет. Себеби бүгүнкү күнү деле укук коргоо системасынын өзүндө да байкабастан адамдын ден соолугуна залал келсе, көбүнчө унаа кырсыгында, өз ара ызы-чуу, зомбулук, уруп-согуу, сөгүү, уурулук, алдамчылык, моралдык жактан зыян тартуу процесстеринде тараптар өз ара бирин – бири кечиришип, тосмо арыз жазып берсе, кылмыш иши токтотулат.

Ал эми “Далили жок сөз – чала күйгөн чычала” – деген макалда, эгерде күнөөсүн далилдей албасаң, күнөөлүү толук кандуу күнөөлүү деп табылбайт. Бүгүнкү күнү жалаң гана сөз аркылуу эмес, буюмдата: сүрөткө тартып алуу, тасмага тартып алуу, бармак тагы, тинтип таап чыгуу, салыштыруу, күбөлөрдү суроо аркылуу

ж. б. замандын талабына ылайык далилдөөгө болот. Ошентсе да күнөөнү далилдөөнүн жөнөкөй түрү илгертен эле ишке ашырылып, укук коргоо системасына бекем сиңип, анын негизи болуп келген.

Буга улай эле “Доо коюлса – айыпка жыгылат” – деген макалдагы, эгерде күнөө далилденип, толугу менен күнөөлүүнүн мойнуна коюлса, ал толугу менен доого жыгылат. Байыркы укуктун, доого жыгуунун эң негизги жана алгачкы булагы бул каада-салт болгон. Ал ошонусу менен беделдүү болгон да, кыргыз эли өз тарыхын оозеки сактагандыктан, ар бир укук, жаза, доо, өкүм сыяктуу көрүнүштөр оозеки айтылып, өзгөчө макал-лакаптарда сакталган.

Салт боюнча адам укугун коргоо кыргыз элинде гана эмес, башка элдерде да кеңири тараган. Алсак, орустардын байыркы укук коргоо маселеси боюнча мындай деп жазылган: “Үрп-адат качан, кайдан башталганын билүү мүмкүн эмес. Биз аны адат болуп элге сиңип калганда гана байкап, жашообузда колдонобуз. Анын жашоосу бүгүнкү коомдо да уланат” [5, 6–7-бб.]. Мындай учурда үрп-адат элге кеңири сиңип, ал элдин элегинен өтүп, жашоо турмушунун нормаларына дал келип, өз ара нааразычылык жаратпай, бүтүндөй ошол коом кабыл алганда гана эл оозуна тарап, өзгөчө бир норма катары кызмат аткарып калат. Бул норма өзүнүн топтогон тажрыйбасы менен, тактыгы менен кылымдан кылымга сүрүлүп, оозекиден жазмага чейин сакталып келет.

Накыл сөздөрдүн канчалык элге сиңимдүү болуп келгенин төмөнкү тарыхый романдагы текст аркылуу тастыктасак болот:

– Ыманың бүтүн болсо, мойнуңа ал, ыманың болбосо, зордогон киши жок сени, кара өзгөй Домбу агаңдын мойнуна кеткени ошол, тору кашка ат кантип кулан чаар болуп калганын өзүң жакшы билесиң, өзүң иштеген экенсиң…

Тултемир башын салбыратып бир пас турду да, мине келген экен, кулан чаар аргымак башка ат менен куюшкандаштырылып турган эле, унчукпай барып, атты гөр башына жетелеп келди да, күңкүлдөп чылбырын Сарыбайды карай ыргытты:

– Тууганым да гөрүндө тынч жатсын… менин да кулагым тынч жүрсүн…[6, 96-б.]

Же болбосо:

– Селсаяк болсо да, байкуш Исхактын мейнети бар эле! – деп, кейип сүйлөдү ал. Бирок бекзаада, эмне кылабыз кудайдын эркиби, эреже, нарк, шарият көтөрбөдү анын талабын. Мураскер башка экен… [6, 131-б.].

Жогоруда мисалдардан көрүнүп тургандай, кыргыз элибизде элдик сот, сөздүн күчү, абийир тартиптин булагына айланып, эл ошого таянып жашаган. Алсак, тууганым да гөрүндө тынч жатсын …менин да кулагым тынч жүрсүн, – деген Тултемирдин айткан сүйлөмүнүн семантикасына көңүл бурсак, эл тарабынан чечилген чечимге далил жок болсо да, көпчүлүктүн сөзү деп баш ийүү, өзүнүн кызыкчылыгына туура келсе да, туура келбесе да эл алдында баш ийүү, бул дүйнөдөн өтүп кеткен адамды сыйлоо, кийинки жашоосуна, келечек муунуна залакасын тийгизбөө сыяктуу моралдык-этикалык аңсезимди кошо алып жүрөт.

Ал эми кийинки мисалдагы “Бирок бекзаада, эмне кылабыз, кудайдын эркиби, эреже, шарт, шарият көтөрбөдү анын талабын”, – деген сүйлөмдөгү сөз тизмектери аркылуу кыргыз тилинде мыйзамдын тили, юристтик тил байыртадан эле канчалык деңгээлде калыптанып калганын көрөбүз.

“Источником кыргызского обычного права являлись: обычаи (үрп-адат), практика суда биев (бийдин бүтүмү), постановления чрезвычайного съезда биев (эреже). Все эти три источника между собой тесно взаимосвязаны, они постоянно дополняли, изменяли существуюшие правовые обычаи и правовые нормы” [7].

Каада-салтты бекем тутунганы менен айрым учурда коомдо теңсиздик, адилетсиздик орун алган учурлар да кездешкен. Бий-кан болсун, манап болсун, чоң феодал болсун, баатыр болсун, эл сурачы бийде болгон. Ал бийлер манап насилинен, мейли, букара насилинен болсо да өзүнчө бүткөрө албастан көбүнчө канына, чоң манабына ийилиштүү болгон. Ал бийлер көбүнчө пара алып бүтүрүп, кедей, жалчы, дыйкан, орто чарбанын укугун жоготуп, байманаптын дегенин кылган. Ак болсо да кедейди күйгүзүп, кара жеринен доосуна кубаттаган [3, 596-б.]

Мындай адилетсиз чечимдер көз жаздымда калбай, эл оозунда төмөндөгүдөй макал-лакаптардын айтылып калышына өбөлгө түзгөн:

Акча сүйлөп турган жерде адилеттик ыйлап турат.

Уурусу күч болсо, ээсин доого жыгат.

Уяттуу бийде тууган жок.

Ошенткен менен эл арасында акыйкаттыктан үмүтүн үзбөй, күтүү, үмүттөнүү, акка ишенүү сыяктуу сезимдер жашап келген. Бул да бекер жерден келип чыкпагандыр. Себеби жылдап убакыт өткөн сайын кыңыр иштин дайыны билинип, ак жеңип, калыстык орногон учур бүгүн деле коомубузда кеңири кездешип жатпайбы. Илимий техника орногон доордо ак – караны ылгоо, мурда чечилген чечим, айтылган сөздү кайра артка түрдүрүп кароо эч маселе жаратпайт. Мисалга алсак:

Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет.

Чын айтып зыян тап, акыры жетесиң муратка, калп айтып пайда тап, акыры каласың уятка.

Жогорудагы макалдарда, калп, кылмыш, туура эмес иш, туура эмес чечим акыр аягы билинерин, акыйкатсыздык бул убактылуу көрүнүш экенин, керек болсо кандайдыр бир күч, Кудай өзү жардам берээри да илгертен эле адамдардын акыл туюмунда орун алып келгенин философиялык ой жүгүртүүнүн тамыры болгон макалдардан, лакап сөздөрдөн ачык көрөбүз: “Ак менен кара жарышат, акка Кудай болушат”. Ошондой эле “Акыйкат жеңет” же болбосо “Ак ийилет, бирок сынбайт” деген макалдар да дал ошол үмүттөнүү, актын, акыйкаттын үстөмдүгүнө ишенүү аркылуу келип чыккан.

Көчмөн жоокер жашаган коомдо уурулук чанда кезиккен. Эгер уурулук жасалса, аны кийиминин жеңин кесип салып жазалашкан. Уят жана намыс түшүнүгү өтө күчтүү калыптанган пассионардуу коомдо андай жазалоо өтө зор таасирге жана тарбиялык мааниге ээ болгон. Уурулук кылган адам ал адатын койбой, кылмышты кайталаса, колун сындары чабууга өкүм чыгарган. Ага да болбосо, ууру айыл ичинен кууп салуу менен жазаланган. Ал учурда уурулар жана алардын айылдары өздөрүнө тиешелүү жерлерди ээлеп жашагандыктан бири-бири менен байланышы күчтүү болуп, кылмышкер элге батпай калган. Кармашта же чатакташкан кагылышта кан төгүлүп, адам өмүрү кыйылган болсо, калыс бийлер өкүм чыгарып, ал убакта кагаз акча, түрмө болбогондуктан, тогуздап кун төлөө шарты киргизилген.

Кыргызстанда советтик сот тутуму түзүлгөн алгачкы жылдары алар салттуу бий түзүмдөрүн, мыйзам жолдорун пайдаланып, сот иштерин жайлоолордо, кыштоолордо көчмө жыйындар аркылуу ишке ашырган [8, 160–161-бб.]

Революцияга чейин эле коомдук, анын ичинде укуктук түшүнүктөрдү билдирген терминдердик маанидеги сөздөр болгон. Алсак: “барымта”, “айып”, “аласа”, “бересе”, “доо”, “доочу” же “доогер”, “даттануу”, “бий”, “казы”, “бүтүм” ж. б. Бүгүнкү күнү юристтик терминдерди камтыган ар тараптуу сөздүктөр арбын. Алардын ичинде орусча-кыргызча сөздүктөр да жок эмес. Белгилүү болгондой, юрист тармагынын лексикасы эл аралык терминдерге өтө бай, ошондуктан аларды кыргыз тилине которууда, биринчиден, ал терминдерге шайкеш эквивалентин издөө маселеси турат, экинчиден, которулбай алынган терминге мүчө жалгоо эрежелерин кылдат билүү жана аларды өздөштүрүү милдети турат.

Орусча-кыргызча юристтик сөздүктөрдүн абалы өзүнчө карала турган, тактала турган олуттуу маселе. Ошентсе да бүгүнкү күнү, башка чөйрөлөр, тармактарга караганда, мамлекеттик тил салыштырмалуу алгылыктуу колдонулуп жаткан тармактарга юристтик чөйрөнү киргизүүгө болот. Себеби бул чөйрө боюнча сөздүктөр да иштелип чыккан, түрдүү кодекстер да мамлекеттик тилде жазылбаса да, расмий тилден толук кандуу мамлекеттик тилге которулган. Сот отурумдары, тергөө иштери, түшүндүрүү иштери да мамлекеттик тилде жүргүзүлүүгө чоң аракет дал ушул тармакта жасалып келет десек жаңылышпайбыз. Мыйзам чыгаруу, юристтик адабияттарды жазуу толугу менен болбосо да, негизги бөлүгү орус тилинде жазылып, андан кийин кыргыз тилине которуларын тана албайбыз. Мыйзам чыгаруу, укук коргоо боюнча терминдерди башынан кылдат иликтеп алсак. Айрым сөздөр ошол которулуп алынып жаткан тилдин өзүндө да талаш жаратып жүргөн учурлары кездешет.

Ошондуктан өзүбүздүн белен сөздөрүбүздү изилдеп, колдоно билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушубуз керек.

Поступила: 07.10.21; рецензирована: 18.10.21; принята: 25.10.21.

Адабияттар

1. *Орузбаева Б.О.* Киргизский язык // Языки мира: Тюркские языки / Б.О. Орузбаева. Бишкек: Кыргызстан, 1997. 540-б.
2. *Орузбаева Б.О.* Кыргыз терминологиясы / Б.О. Орузбаева. Фрунзе, 1983. 166-б.
3. Кыргыздар / түз. Жусупов К. I т. Бишкек: Кыргызстан, 1993. 621-б.
4. *Исазаде Валида Джавид гызы*. Юридическая терминология и её источники / Исазаде Валида Джавид гызы // Журнал научных публикаций аспирантов и докторов. М., 2009. URL: http://jurnal.org/2009/fill39.htlm (дата обращения: 10.06.2021).
5. *Сергьевич В.* Лекции и исследования древней истории русского права / В. Сергьевич. СПб., 1910. 575-б.
6. *Касымбеков Т.* Сынган кылыч: тарыхый роман / Т. Касымбеков. Бишкек: Шам, 2019. 489-б.
7. *Ганиева Т.* Правовые корни гражданского права Кыргызстана: обычное гражданское право кыргызов / Г. Ганиева // сб. материалов конференции “Вклад молодых исследователей в индустриально-инновационное развитие Казахстана. Алматы, 2009. URL: http://article kz.com/article/6784
8. *Мүлкүбатов Т.* Адилеттикке арналаган өмүр: роман / Т. Мүлкүбатов. Бишкек, 2017. 184-б.